КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ
ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ТЮПСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

2023-жыл «31» март №157 Түп айылы

**Түп айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XX-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**"Түп айыл аймагынын малдарды жайлоого багуунун, бадада багуу, жазгы-күзгү жерди айдоо-себүүнүн акыларын бекитүү жөнүндө"**

Түп айыл аймагынын малдарды жайлоого багуунун, бадада багуу, жазгы-күзгү жерди айдоо-себүүнүн акыларын бекитүү жөнүндө маселени карап, чыгып, айылдык жыйындардын жыйынтыктары менен алдын ала талкуулолорду жана макулдашууларды эске алуу менен, Түп айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын XX- сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айылдык аймагы боюнча жайлоого көчкөн малды багуу акысы:
   - 1бир баш койго Сары-жазга багылса 150 сом.
   - жеринде калса (жакынкы жайыттарга)100 сом.
   - уйга, торпокко – 600 сом.
   - жылкыга – 700 сом.

Баданын акысы:

Бардык бадалар үчүн;

Уй башына – 250 сом: букасы менен 300 сом

Ал эми Борбор менен Пушкиндин бадасынын жайыты тардыгына байланыштуу уй башына 350 сомдон бекитилсин.

Түп токой чарбасынан пайдаланууга алынган жайыт акы

1 бодого, жылкыга – 54 сом 1 га жер бөлүнөт

1 койго – 12,5 сом 4 башка 1га бөлүнөт

Жайлоого чыкчу малдар аба ырайынын шарты мүмкүнчүлүк берсе 10-майга чейин көчүп кетүүсү милдеттендирилет.

Белгиленген мөөнөттө көчпөгөн малчыларга катуу чаралар көрүлсүн жана 10000 сом өлчөмүндө айып салынсын.

Айылда саан уйлар жана 1 баш мингич же арабакеч жылкы алып калууга уруксат берилсин.

- Базда-кашарларда калган фермерлерге, жайытынын шарты туура келсе 3(үч) баш саан уй, 1(бир) баш жылкы алып калууга уруксат берилсин.

-Малдарды мамлекет тарабынан коюлган талапка ылайык биркалап берүү жагы ветеринардык кызматка тапшырылсын.

-Малдардын вакцинациясын мал даарыгерлик кызматкерлери 1-майга чейин толук бүтүрүшсүн.